## Жумуш үй

Сөзү, обону: Бекбол Бакыт уулу

Бүгүн көчө гезип баратам,

Ырларым жаштарга жараткам

Белде күч, толтура чөнтөктө сом жок турам

Ай нуру, көрсөтчү менин жолумду

Кайырма:

Көбүнчө кыялданам жаш кезимде

Ырларым жакса экен деп мен элиме

Кыялдын баарын чындык бузат

Кай жерге барбагын, акча сурап

Жумуш – үй, үй – жумуш,

Тажатты мени турмуш

Жумуш – үй, үй – жумуш,

Жашоом өтүп барат, менин укмуш

Артка кайтар убакытты, артка кайтар,

Жүргүм келет

Ата-энемдин жанында, жанында

Эч нерсе жок оюмда

Ойдун баары оюнда

Ата-энемдин койнунда

Азыр деле убакыт кеч эмес

Азыр максатка жете турган кызуу кез

Жашсың, белиңде күчүң бар билем акчаң жок

Эй, досум, мындай жаткандан

Эч кандай пайда жок

Убакыт өтөт тез,

Өтүп кетет максатка жете турган кез

Акча менен ченелген бул дүйнө,

Акчаң жок болсо каласың көчөдө

Максаты жок адамдын

Өмүрүн өткөндүгүн карачы,

Атылып чыккан ок сымал өтөт чамасы